КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
ӨЗГӨН РАЙОНУ
САЛАМ-АЛИК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
УЗГЕНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ САЛАМ-АЛИКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Салам-Алик айыл аймагынын айылдык кеңешинин сегизинчи чакырылышынын кезектеги 3-сессиясынын

ТОКТОМУ

2026-жылдын 23-июлундагы №30 **Салам-Алик айылы**

Салам-Алик айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Чарба айылындагы М.Сагынова атындагы орто мектебинин ээлеген жер аянтынын ичинен 0,20га жер тилкесин, бала бакчанын жерине бөлүп берүү жөнүндө.

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Салам-Алик айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Чарба айылындагы М.Сагынова атындагы орто мектебинин ээлеген жер аянтынын ичинен 0,30га жер тилкесин бакчанын жерине бөлүп берүү жөнүндө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы С.Абдыкадыровтун маалыматын угуп, Салам-Алик айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат.**

1. Салам-Алик айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Чарба айылындагы М.Сагынова атындагы орто мектебинин ээлеген жер аянтынын ичинен 0,30га жер тилкесин, бала бакчанын жерине бөлүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Бул токтомдон келип чыккан иш аракеттердин аткарылышын камсыз кылуу жагы Салам-Алик айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жер, турак жай, комуналдык менчиктери жана жерге жайгаштыруу боюнча боюнча башкы адиси милдетин убактылуу аткаруучу Ж.Нуралиевке тапшырылсын.

3. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы Салам-Алик айыл аймагынын айылдык кеңешинин суу, мал чарба, жер, токой, экология, өнөр жай, курулуш, өзгөчө кырдаал, тоо кен, маалымат, транспорт, байланыш жана энергетика тармактары боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрага **Чолпонбай уулу Сагындык**